DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Байдилдеев Ж., Тагайбаев Н.

КАЗАКСТАНДАГЫ 1932-ЖЫЛДАГЫ АЧАРЧЫЛЫКТАГЫ КАЧКЫНДАРГА КЫРГЫЗДАРДЫН БООРДОШТУК КӨМӨГҮ (XX кылымдын башы)

Байдилдеев Ж., Тагайбаев Н.

БРАТСКАЯ ПОДДЕРЖКА КЫРГЫЗОВ БЕЖЕНЦАМ ОТ ГОЛОДА В КАЗАХСТАНЕ В 1932 ГОДУ (начало XX века)

Zh. Baidildeev, N. Tagaibaev

FRATERNAL SUPPORT OF KYRGYZ PEOPLE REFUGEES FROM FAMINE IN KAZAKHSTAN IN 1932 (early twentieth century)

УДК: 94 (47). 314. (575.2)/(574.4)

Бул макалада Кыргызстандагы XX кылымдын башындагы Кеңеш бийлигинин агрардык жана жамаатташтыруу саясатынын жүрүшү баяндалат. Кыргызстандагы коллективдештирүү жана отурукташтыруу мезгилиндеги бай-манаптарды кулакка тартуу менен алардан конфискацияланган мал-мүлкүн, башка чарбаларын ортого алуу аркылуу колхоздордун уюшулгандыгы баяндалат. Ошондой эле 30-жылдарындагы коомдук-саясий кырдаал жана Кеңеш бийлигине каршы кыймыл "Акчубак" көтөрүлүшү берилди. Ошондой эле, макалада коллективдештирүү толук бойдон сталиндик административдик-командалык системасынын жетекчилиги менен жүргүзүлгөндүгү айтылат. Республиканын жергиликтүү партиялык жана советтик органдары бул саясатты тезирээк аткаруу үчүн атаандашууга өтүшүп, коллективдештирүүнү мөөнөтүнөн мурда аткарууга аракеттенишкендиктен, колхоздоштуруунун жүрүшүндөгү аша чабуулар, анархизм мыйзамсыздык өкүм сүргөндүгү көрсөтүлүп. Мындай катачылыктардын натыйжасында Кыргызстанда кооптуу кырдаалдар түзүлүп, дыйкандардын Совет бийлигине нааразылык каршылык кыймылдарды жаратканы баяндалды.

Негизги сөздөр: *коллективдештирүү, кулак, контрреволюция, большевик, бай-манап, колхоз курулушу, отурукташтыруу, кызыл үй, эмиграция, тап душмандар.*

В статье отражены процесс проведения аграрной политики и коллективизации советской власти в Кыргызстане в начале XX века. В ходе коллективизации и оседания были организованы колхозы за счет имуществ, скота и другие, которые отнимались в процессе раскулачивания и конфискаций баев и манапов. Также повествуется на основе архивных документов общественно-политическое положение в Кыргызстане в 30-е годы XX в. и восстание "Акчубак" в Ат-Башинской местности. Также в статье отмечается, что коллективизация проводилась в полном объеме под руководством сталинской административно-командной системы. В связи с тем, что местные партийные и советские органы республики для скорейшего выполнения данной политики перешли на конкуренцию и пытались досрочно выполнить коллективизацию, отмечалось, что перекосы в ходе колхозирования, анархизм, имели место в виду незаконные действия. В результате этих ошибок в Кыргызстане сложилась критическая ситуация, когда крестьяне протестовали против Советской власти.

Ключевые слова: *коллективизация, кулак, контрреволюция, большевик, бай-манапы, колхозное строительство, оседание, красная юрта, эмиграция, классовые враги.*

The article reflects the process of agrarian policy and collectivization of Soviet power in Kyrgyzstan in the early twentieth century. In the course of collectivization and settling, collective farms were organized at the expense of property, livestock, etc., which were taken away in the process of dispossession and confiscation of bais and manaps. Also narrated on the basis of archival documents, the socio-political situation in Kyrgyzstan in the 30s of the twentieth century.and the uprising "Akchubak" in the At-Basha district. The article also notes that collectivization was carried out in full under the leadership of the Stalinist administrative command system. Due to the fact that the local party and Soviet bodies of the Republic for the speedy implementation of this policy switched to competition and tried to perform collectivization ahead of time, it was noted that distortions in the course of collective farming, anarchism, had in mind illegal actions. As a result of these mistakes, a critical situation developed in Kyrgyzstan, when peasants protested against Soviet power.

Key words: *collectivization, kulak, counterrevolution, bolshevik, buy-manaps, collective farm construction, subsidence, red yurt, emigration, class enemies.*

XX кылымдын башында дүйнөлүк тарыхта эбегейсиз амплитудага ээ болгон жана ири масштабды камтыган чайпалуулар болуп, планетардык деңгээлдеги абдан зор маанидеги жаңылануу тарыхый процесстери болгон. Дүйнө элдерин жана өлкөлөрүн камтыган мындай процесстердин жүрүшүнүн алкагында бул кылымдын башында кыргыз-казак арасындагы алакалар боордоштук мүнөздө өзгөчө күч алган десек жаңылбайбыз. Анткени, бул мезгилде караңгы элдин ичинде маданий, агартуу иштерин жайылткан, Россия империясынын курамындагы башка

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

элдердей эле саясий тең укукка ээ болууга аракет жасаган азаматтар пайда болгон. Кыргыз-казак элинин арасында да башка мусулман элдериндей эле улуттук-боштондук идеялары тарай баштаган. Столыпиндик реакция учурунда, падышалык бийликтин куугун-сүргүнүнүн күчөшүнө карабастан, колониялык саясатка каршы алардын аракеттери күч алып улана берген. Бул иш аракеттердин башында кыргыз-казак интеллигенциясынын алдыңкы өкүлдөрү туруп, эриш-аркак күрөш жүргүзүшкөн десек жаңылбайбыз.

Алар элдердин тең укуктуулугу жана улуттун көз карандысыздыгы үчүн болгон күрөштүн уюштуруучулары жана демилгечилери гана болбостон, коомдун өнүгүшүнө жоопкер, өз элинин тарыхынын, адеп ахлахтык алдындагы ыйык милдетин түшүнө билген инсандардан болгон. Саясий тажрыйбалары аз болсо да, курактары жаш, оозунда эми, көөдөнүндө деми бар эки элдин ошол интеллигенциясы колдо бар потенциялын элдин жыргалчылыгына жумшоо үчүн аракет жасашып, Союздук тутумдагы мамлекеттүүлүктүн пайдубалын түптөшкөн. Бул эки элдин алдыңы интеллигенциясынын өкүлдөрү улут башына кыйынчылык мүшкүл иш түшкөндө да, боордоштук жардамдарын бири-биринен аяшкан жок.

Кыргыз-казак элинин ортосундагы XX кылымдын башындагы боордоштук мамиле «Улуу жут» деп аталган Казакстандагы 1932-1933-жылдагы ачарчылык мезгилинде даана көрүндү. Кеңеш доору мезгилинде тарыхтын бул кайгылуу күнүрт жактары жабык темага айланып, бардык документалдык материалдар архивдерде жашыруун сакталып, окумуштуулар учкай оозеки сөз түрүндө кана айтууга аргасыз болушкан. Тарыхтагы бул кайгылуу окуя бүгүнкү күндө талаш-тартыш менен көйгөйлүү маселелерди жараткан келечек тарыхта изилденүүчү актуалдуу темалардан.

Мына ушул 1932-1933-жылдардагы Казакстандагы ачарчылык мезгилинде бир миллиондон ашуун адам (1030 миң) жуттун айынан жан сактоо үчүн туулган жеринен коңшу аймактарга Сибирге жана Өзбекстанга, Түркмөнстанга, Тажикстанга эң көбү боордош жана жакын коңшу Кыргызстанга баш калкалап, жанын коргоого аргасыз болушкан. Бул ачарчылыктан көчкөн казактардын, кийин 414 миң адам кайра кайтса, 616 миң адам өз мекендерине кайткан эмес [1, 87-б.]. Ачарчылыктан айласыз журтунан көчкөндөр коңшу өлкөлөрдөн сырткары чет мамлекеттер Кытай, Монголия, Афганистан, Иран, Турцияга чейин жеткен. Качкын казактардын Кыгызстандын аймагына байырлап көп келгендигин биринчиден 1926-жыл менен 1939-жылдагы эл каттоосу аркылуу казак калкынын Кыргызстандын аймагындагы өсүүсү менен байкасак, экинчиден РСФСР Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасынын орун басары Турар Рыскуловдун Сталин, Каганович, Молотовго жөнөткөн жашыруун докладдык катынан ачык билсек болот.

1933-жылы 9-мартта РСФСР Эл Комиссалар Кеңешинин төрагасынын орун басары Турар Рыскулов Сталиндин өзүнө, көчүрмөсүн Каганович менен Молотовго багыштаган Казакстандан казактардын көчүүсү тууралуу жашыруун докладдык катын жөнөткөн. Арадан 16 күн өткөндөн кийин бул жашыруун докладдык каттын дагы бир көчүмөсүн ВКП (б) Кыргыз обкомунун биринчи катчысы Шахрайга жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахмановго жолдойт.

Ал докладдык катта акыркы алынган маалыматтар боюнча качкан казактардын жайгашкан жери Казакстанга коңшу аймактар Орто Волга боюнда – 40 миң адам, **Кыргызстанда – 100 миң адам,** Батыш Сибирде – 50 миң адам, Каракалпакстанда – 20 миң адам, Орто Азияда – 30 миң адам, ошондой эле Калмыкия, Тажикстанда жана Кытайга чейин качып жайгашкандыгын маалымдайт [2, 27-37-бб.].

1933-жылдын башында ВКП(б) Кыргыз обкомуна ВКП (б) БКнын Орто Азия боюнча өкүлү Д.И. Манжара төмөндөгүдөй билдирүү жөнөтөкөн. Анда, “1932-жылы Кыргыз АССРинин аймагында Казак АССРнен көп сандаган казак келгиндери кирген. Жетишээрлик толук эмес маалыматтар боюнча келгендердин саны 25-30 миң чарбаны түзөт” - деп билдирген [3, 5-б.]. Бул далилдүү архивдик маалыматтардан дагы бир жолу ачарчылык азабын казактардын Кыргызстандын аймагында эң көп жайгашкандыгынан кабар алабыз.

Ошол мезгилдеги кыргыз бийлиги ачарчылыктын айынан боор тартып, баш калкалоого келген казактарды кандай кабыл алган жана бир туугандык жардамдарын бергендиги тууралуу архивдик маалыматтарга кайрылсак, 1932-жылдын 31-декабрында ВКП (б) Кыргыз обкомунун бюросунда республиканын аймагындагы казак качкындарынын абалы тууралуу маселе каралып, анда ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросуна казак качкындарына жана кароосуз калган жетим балдарга жардам ирээтинде аз өлчөмдө нан азыктарын бөлүп берүү тууралуу чечим кабыл алышкан.

Ошондой эле, Москвага иш сапарга бара жаткан Жайнак Саадаев ВКП (б) БКга Кыргыз АССРинин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

аймагындагы казак келгиндеринин абалы, алардын жугуштуу оорулардын айынан өлүмгө көп кириптер болуп жаткандагы тууралуу маалымат берүүсүн тапшырган [4, 184-б.]. Мындан сырткары Казкрайкомуна Кыргыз АССринин аймагындагы казак качкындарына жана жетим балдарга практикалык жардамдарды берүү үчүн өз өкүлдөрүн жөнөтүүнү суранышкан. Бул кайрылуу суранычтын натыйжасында Казак АССРинен жөнөтүлгөн өкүлдөр өзгөчө Казкрайкому менен Казак АССР Эл Комиссарлар Кеңешинен келген Курмангалиев менен Избановдор 1933-жылы бою ВКП (б) Кыргыз обкомунда өтөкөн бир нече жолку келгиндерди асыроонун көйгөйлөрүнө байланышкан иш-чараларга жигердүү катышат [5, 4-б.].

Бирок, Казакстандан келген өкүлдөрдүн жөндөмсүз аракеттеринен улам кээ бир маселелер өз убагында чечилбей, келгин казактардын абалы оор бойдон кала берген. *Бул айткандарыбызды ырастаган аргументтүү фактылар, жогорудагы Турар Рыскуловдун журт атасы Сталинге жөнөткөн жашыруун докладдык катында айтылат. Анда, "Кыргыз АССР башкаруу органдары билдиргендей, бир нече убакыт мурда Казак Өкмөтүнүн өкүлдөрүнүн макылдашуусу менен Ауле-Атага 500 бала жөнөтүлгөн, бирок алар кабыл алынган эмес. Бир нече бала көз жумуп, калганы кайра Фрунзе шаарына келген",- деп жазылат.*

ВКП (б) Кыргыз обкому менен Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Кеңеши казак качкындарынын оор абалын жеңилдетүү үчүн тез арада бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонушкан. Республикалык бюджеттен 150 миң рубль бөлүнгөн. 1500 бала балдар үйлөрүнө жайгаштырылган жана атайын кабыл алуу пункттары уюштурулган. Келгиндерди колхозго, курулуш иштерине жана ишканаларга тартуу чаралары көрүлгөн. Казак АССРинин Өкмөтүнүн комиссиясы менен бирдикте, качкандарды Казакстанга кайтаруу компаниясы жүргүзүп, аны ишке ашыруу үчүн Кыргыз АССРи тарабынан 5 миң пуд дан азыктары бөлүнгөн. Бирок, Казакстан тараптан кабыл алуу иш-чарасына колдоо көрсөтүлбөгөндүктөн, бул жүргүзүлгөн компания ишке ашпай, натыйжада качкындар Кыргызстанга кайра кайтып келишкен [6, 5-б.].

Өз мекени кабыл албай койгон казактарды кыргыз эли ара жолго таштаган жок. Мына ушундай жагдайлардан улам азык-түлүк менен өз элин камсыз кылып жана ага кошумча он миңдеген ачка казак качкындарды асыроодо 1932-жылдагы дан азыктарынын өндүрүүнүн планы атпай калгандыктан Кыргыз АССРинин жетекчилигин каардуу жазалоо күтүп турган.

ВКП (б) БКнын 9-май 1933-жылдагы чечими менен ВКП(б) Кыргыз обкомунун биринчи катчысы А.О. Шахрай менен Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Ж.Абдрахмановго, Кыргыз АССР Жабдуу Эл комиссариатынын өкүлү Словацкийге катуу сөгүш берилип, ВКП (б) Кыргыз обкомунун катчысы О. Алиев менен Ж. Саадаевге катуу сөгүш жарыялоо менен кызматтарынан алынат [7, 46-б.]

Көп узабай ошол эле жылдын сентябрь айында ВКП (б) Кыргыз обкомунун биринчи катчысы А.О. Шахрай жана Кыргыз АССР Эл Комиссарлар Кеңешинин төрагасы Ж.Абрахмановдор кызматынан алынат. Бул боюнча Жусуп Абдрахманов ВКП (б) БКга берген түшүнүк катында төмөндөгүдөй жазган.

"1932-жылдын жазынан баштап Кыргызстанга казактардын массалык көчүп келүүлөрү күчөгөн. Алардын арасында ачкадан өлгөндөр башталган. Бул көптөгөн жетекчилерди түйшүккө салды. Анын ичинен мени да. Биз ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун дан азыктарын даярдоо боюнча планын аткарабыз деп ойлогонбуз. Казак көчкүндөрүнүн көп агылып келүүсүнө байланыштуу жетекчи кызматкерлер арасында пландын чыныгы аткарылышына күмөнсүнүү жаралган. Пландын аткарылышы кыйындаган мезгилдеги Шахрай жана Исакеев менен маектешкенде мен аларга: "Республиканы Казакстандагыдай абалга жеткиргенден көрө, план атпай калгандыгына байланыштуу мейли бизди кызматтан алсын" - деп айттым, экөө тең бул айткандарыма макул болушту.

Жусуп Абдрахмановдун жеке керт башына караганда элинин кызыкчылыгын, жыргал жашоосун, боордош казак туугандардын башына кыйынчылык иш түшкөндөгү тагдырын ойлоп, аларды асырап, ачарчылык ажалынан аман алып калууга жасаган көсөмдүк иши жогору жактыларга жакпай калат. Анын аркасында партиядан чыгарылып, саясий куугунтуктоолор менен мекенин сырт Самарага кийин Оренбург облусундагы жер башкармалыгына кызматка айдашып, 1937-жылдын апрелинде камакка алынып, 1938-жылдын ноябрында өзү менен бирге кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн пайдубалын түптөшкөн кесиптештери менен бирге атылды.

XX кылымдын башындагы казак-кыргыз элиндеги эң чоң кайгы "Алаштын" азаматтары атыккан казак интелегенциясынын өкүлдөрү Ахмет Байтурсунов, Элихан Бөкөйханов, Мухамеджан Тынышпаев, Мустафа Шокай, Жусупбек Аймаутов, Миржакып Дулатов, Газымбек Биримжанов, Магжан Жумабаев,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Султанбек Кожанов жана башкалар менен кыргыздын кыраандары атыккан Касым Тыныстанов, Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдрахманов, Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Осмонкул Алиев, Базаркул Данияров, Токчоро Жолдошов сыяктуу инсандар болуп бир тилекте үзөңгүлөш иштеп, акыры бардыгы бирге тагдырлаш болуп репрессиянын каардуу капшабына кабылышкан [8, 107-б.]. “Ак ийилет, бирок сынбайт” демекчи арадан жарым кылым ашуун убакыт өткөн соң алардын элинин эртеңки келечеги үчүн кызмат кылган эрдике тете ысымдары бүгүнкү муундардын көз алдында кайра жанып, урпактар тарабынан урматталып, алардын ишмердүүлүгүнүн актай барактары, ачыла элек көмүскө жактары илимпоздор тарабынан изилденүүдө.

Адабияттар:

1. История Казахстана (с древнейших времен до наших дней): в 5 т. Т.4. - Алматы, 2009.
2. КР БМ КСДА Ф.10. Оп.1. сб. 506. 27-37-бб.
3. КР БМ КСДА Ф.10. Оп.2. сб. 566. 5-б.
4. КР БМ КСДА Ф.10. Оп.1. сб. 377. 184-б.
5. КР БМ КСДА Ф.10. Оп.2. сб. 566. 4-б.
6. КР БМ КСДА Ф.10. Оп.2. сб. 566. 5-б.
7. Абдрахманов Ю. 1916. Дневники. Письма к Сталину. - Фрунзе: Кыргызстан, 1991. - С.46.
8. Байдилдеев Ж. Кыргыз-казак интеллигенциясынын байланыштары. - Бишкек, 2016. - 107-б.